КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
МОСКВА РАЙОНУ
МИҢ-БУЛАК АЙЫЛ
АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
МОСКОВСКИЙ РАЙОН
АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ
МИН-БУЛАКСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА

**Мин-Булак айыл аймагынын**
**айылдык Кеңешинин I-чакырылышы**
**ТОКТОМ № 111**

29-декабрь 2025-жыл — Садовое а.

**Жер тилкелерин муниципалдык менчикке кабыл алууга**
**макулдук берүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын 2021-жылдын 20-октябрындагы №123 «Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө» Мыйзамына ылайык, айыл өкмөтүнүн башкы адиси П.И.Лугма тарабынан сунушталган материалдардын негизинде жана муниципалдык менчиктеги жерлердин эсебин тартипке келтирүү максатында, Миң-Булак айыл аймагынын айылдык кенеши токтом кылат:

1. Төмөнкү жер тилкелерин муниципалдык менчикке кабыл алууга макулдук берилсин:
- жалпы аянты 800 чарчы метр болгон, Садовое айылы, Степная көчөсү (номерсиз) дарегинде жайгашкан жер тилкеси;
- жалпы аянты 60 чарчы метр болгон, Садовое айылы, Советская көчөсү (номерсиз) дарегинде жайгашкан жер тилкеси;
- жалпы аянты 56 чарчы метр болгон, Александровка айылы, Фрунзе көчөсү (номерсиз) дарегинде жайгашкан жер тилкеси;
- жалпы аянты 4 000 чарчы метр болгон, Александровка айылы, Масанчин көчөсүндө, 429-контурда жайгашкан жер тилкеси.

2. Миң-Булак айыл өкмөтүнө мыйзамдарда белгиленген тартипте төмөнкү иштерди жүргүзүү тапшырылсын:
- көрсөтүлгөн жер тилкелерин муниципалдык менчикке кабыл алуу;
- балanska коюу;
- муниципалдык менчик укугун мамлекеттик каттоодон өткөрүү.

3. Бул токтом Кыргыз Республикасынын Ченемдик-укуктук актылар мамлекеттик реестрине киргизилген күндөн тартып күчүнө кирет.

4. Бул токтомдун аткарылышына көзөмөл жүргүзүү айылдык кенештин индивидуалдык турак-жай курулушу, муниципалдык менчиктеги жер тилкелерин берүү жана сатуу боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

**Төрайым** **Булазова Г.Т.**